# Түшүнүк баракчасы (жаңы китеп менен)

Азыркы учурда кабыл алынган улуттук куррикулум окууту процессине жаңыча мамиле талап кылды. КР Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан кабыл алынган улуттук куррикулумдун негизинде – Алиппе окуу китеби түзүлдү .Алиппеге чейинки мезгил бөлүм «Алиппе билим ачкычы деп аталат». Бул бөлүм окуучунун алгачкы билим алууга болгон кадамына арналат. Окуучуларга кеп, сүйлөм, сөз, тыбыш деген түшүнүктөрдү үйрөтүү үчүн чыгармачылык менен иштөөгө тапшырмалар берилген.

Алиппе китебинин биринчи бөлүмүнөн эле кыргыз тилинин грамматикасы менен таанышуу башталат. Окуу методикалык комплект төмөндүгүлөрдү өзүнө камтыйт: Алиппе Б.Кубаталиева, А. Абыканова, М. Асаналиева «Мугалимдер үчүн колдонмо» ; А. Абыканова, М. Асаналиева, Б. Кубаталиева Бишкек «Кутаалам» -2011.

Алиппеден кийинки мезгилге «Көркөм окуу», «Кыргыз тили- эне тилим» бөлүмдөрү кирет. Көркөм окуу бөлүмү балдарды өз чөйрөсүн таанып билүү менем бирге ойлонуп, өз оюн башкаларга жеткирүү көндүмдөрүн калптандырат. Кенже классынын окуучуларын биринчиден туура сүйлөөгө туура окууга, окуганын, укканын айтып берүүгө үйрөтүү мугалимдин эң негизги милдети. Айрыкча, 1- класстын окуучулары окуганды билбегендиктен аларга ар түрдүү жомок, ырларды табышмак, макал-ылакаптарды окуп, жаттатып тилдерин көнүктүрүү керек. Ошондо гана окуучулар:

1. интонация, дикция менен окуганды үйрөнүшөт
2. укканды айтып берүүгө көнүгүшөт
3. тилдерин жатыктырып тамгаларды туура айтууну үйрөнүшөт
4. эске тутуп калуусу калыптанат
5. окуганын айтып берүүгө машыгышат

Ошондуктан 1- класста Алиппе сабагын өтүү окуучуларды текстти шар, туура сезимдүү окуп, окуганын жана түшүнгөнүн айтып берүүсү, тексттеги суроолорго жооп берүүсү менен чектелбестен аларды окуганда негизги ойду болуп көрсөтүп, окуган бөлүктөргө ажыратып көркөм сөз менен айтып берүүсү керек. Алиппе сабагы окуучулардын сүйлөө речин гана өстүрбөстөн ойлонуп, өз ойлорун толук айтып берүүгө көнүктүрөт. Ошондон кийин мугалим тапшырманын өзгөчөлүгүнө жараша окуучулардан алардын чыгарган жыйынтыгы өздөрүнүн турмушунда кандайча колдонсо, болоор экендигин ойлонгула деп өтүнөт. Демек мугалимдин ийгилиги класстагы иш -аракеттерди жөнгө сала билгендигине жараша болот. Ал үчүн мугалимдин аз сүйлөшү башкача айтканда түшүндүрүүнү, баяндап айтып берүүнү азайтып окуучулардын өздөрүн көбүрөөк сүйлөшүүгө өз ойлорун тартынбай айтуусуна жетишүү керек. Бул алардын мугалимге болгон көз карандылыгын азайтат . Сабак учурунда классты жеңил башкаруу үчүн жүрүп турган талкуугу кызыгып мугалим өзү аралашып кетпеши керек. Куррикулум негизи- окуучулардын биргелешкен иш -аракетинин натыйжасы, класстагы парталарды туура жайгаштырууга жараша да болот. Ошондой эле иш -аракеттин натыйжалуу болушу үчүн талкуу жүргүзүүнүн эрежелери белгилүү адамдардын асыл ойлору, учкул сөздөр, макал-лакаптар менен классты жасалгалоо болот.

Жогоруудa айтылгандай окутуунун формаларынын жана ыкмаларынын өзгөрүшүнө улам окуу процессинде мугалимдин ролу да өзгөрүүдө. Ошондой эле убакытты туура пайдаланып регламентти сактоонун мааниси чоң. Мугалим окуучулар иштеп жаткан учурда көзөмөлдөп, аларга убакытты эскертип турусу керек. Эгерде белгиленген мөөнөттө иштерин жыйынтыктап бүтүшпөсө окуучуларга кошумча убакыт берүүгө болот, антпесе жай баракаттыкка жол берилип окуучулар активдүүлүгүн жоготуп коюлары мүмкүн. Сабактын максатын жана милдетин билбей туруп сабакты андан нары өнүктүрүү мүмкүн эмес.. Ошондуктан сабактын максатын жана милдетин түшүнүп билүү керек. Окуучулар окутуу процессинде билимдерди билгичтиктерди жана көндүмдөрдү гана өздөштүрбөстөн алар тарбия таалим алып өсүп өнүгүшөт. Демек сабактын билим берүүчүлүк максатынан тышкары тарбиялоочулук жана өнүктүрүүчүлүк максаттарын да айтсак болот.

## ***Алиппени окутуунун максаттары жана милдеттери.***

- Окуучулардын оозэки кебин өстүрүү;
- Кыргыз тилин баалоого:
- Кыргыз тилин маданият мурастарын, каада- салтын билүүгө үйрөтүү;
- Башка предметтерди терең өздөштүрүүгө зарыл болгон компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу;
- Турмуш тиричиликте сабакта окуп үйрөнгөндөрүн колдоно билүүгө көндүрүү;
- Тамгаларды толук таанып үйрөтүү;
- Чакан тексттерди сүйлөп берүүгө көнүктүрүү;
- Көркөм окуу, окуганын айтып берүүгө көнүктурүү;
- Шар катасыз көркөм окууга көнүктүрүү;
- Кеп сүйлөм сөз, тыбыш деген түшүнүктөрдү чыгармачылык менен иштөөгө калыптандыруу;
- Окуп тилин жатыктыруу, кеп маданиятын калыптандыруу ;

Китептин авторлору: Кубаталиева Б., Абыканова А., Асаналиева М. Бишкек “Кутаалам” 2011

**1-классынын 20___-20___-окуу жылы үчүн алиппе сабагына түзүлгөн календардык-тематикалык планы.**

**1-чейрек** (23 саат)

| Бөлүн гөн сааттар | Сабактын мазмуну | Сабак тын саны | Сабактын темасы | Өтүү убагы | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | мөөнөтү | эскертүү |
| 8 саат | **Сүрөттөр менен иштөө** | 1 | Мекеним Кыргызстан. Сүйлөшөбүз жана сүйлөм | | |
| | | 1 | Мектеп. Биздин класс Сөз жана муун | | |
| | | 1 | Үй-бүлө. Циркте. | | |
| | | 1 | Короодо. Муун10-бет | | |
| | | 1 | Добуштар.Үндөр, 11-бет | | |
| | | 1 | Оюндар.12-бет | | |
| | | 1 | Суу.Жол.Кесип. 13-15-бет | | |
| | | 1 | Жомоктор. Абышка кемпирдин көмөчү16-бет | | |
| 14 саат | **Тыбыштарды үйрөнүү** | 1 | Аа- тыбышы 18-бет | | |
| | | 1 | Лл тыбышы 19-бет | | |
| | | 1 | Кк тыбышы, 20-бет | | |
| | | 1 | Ээ(е) тыбышы 21-бет | | |
| | | 1 | Оо тыбышы, 22-бет | | |
| | | 1 | Мм тыбыштары 23-бет | | |
| | | 1 | Тт тыбышы 24-бет | | |
| | | 1 | Рр тыбышы 25-бет | | |
| | | 1 | Ыы- тыбышы, 26-бет | | |
| | | 1 | П тыбышы27-бет | | |
| | | 1 | созулма оо тыбышы28-бет | | |
| | | 1 | Уу тыбышы 29-бет | | |
| | | 1 | Нн тыбышы30-бет | | |
| | | 1 | Өө-тыбышы 31-бет | | |
| 1саат | **Кайталоо** | 1 | Кайталоо сабагы | | |

## Алиппе сабагына түзүлгөн календардык-тематикалык планы 2-чейрек (21 саат)

| Бөлүнгөн сааттар | Сабактын мазмуну | Сабак тын саны | Сабактын темасы | Өтүү убагы | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | мөөнөтү | эскертүү |
| 2 саат | Тыбыштар- ды үйрөнүү | 1 | Д тыбышы 32-бет | | |
| | | 1 | Д-Т тыбыштары 33-бет | | |
| 7 саат | Тыбыштар Кеп өстүрүү | 1 | И и тыбышы 34-бет | | |
| | | 1 | й тыбышы 35-бет | | |
| | | 1 | Бб тыбышы 36-бет | | |
| | | 1 | Б-П тыбыштары 37-бет | | |
| | | 1 | Үү тыбышы38-бет | | |
| | | 1 | Жж тыбышы 39-бет | | |
| | | 1 | Сс тыбышы 40-бет | | |
| 1саат | Созулма уу тыбышы | 1 | Созулма уу тыбышы 41-бет | | |
| 4 саат | Тыбыштар- ды үйрөтүү менен кеп өстүрүү | 1 | Зз тыбышы, 42-бет | | |
| | | 1 | Гг тыбышы 43-бет | | |
| | | 1 | ң тыбышы 44-бет | | |
| | | 1 | К-Г тыбышы 45-бет | | |
| 1 саат | Бышыктоо сабагы | 1 | Өтүлгөн темаларды бышыктоо | | |
| 4 саат | Кеп өстүрүү | 1 | З-С тыбышы46-бет | | |
| | | 1 | Шш тыбышы 47-бет | | |
| | | 1 | Чч тыбышы48-бет | | |
| | | 1 | Ж-Ш тыбыштары 50-бет | | |
| 1 саат | Созулма аа тыбышы | 1 | Созулма аа тыбышы 51-бет | | |
| 1саат | Кайталоо | 1. | Чейректик кайталоо | | |

## Алиппе сабагына түзүлгөн календардык-тематикалык планы 3-чейрек (27 саат)

| Бөлүнгөн сааттар | Сабактын мазмуну | Сабактын саны | Сабактын темасы | Өтүү убагы | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | мөөнөтү | эскертүү |
| 17саат | Созулма үндүү тыбыштар Тыбыштарды үйрөтүү менен кеп өстүрүү Йоттошкон тамгалар | 1 | Созулма аа тыбышы 51-бет | | |
| | | 1 | Хх тыбышы 52-бет | | |
| | | 1 | Созулма өө тыбышы 53-бет | | |
| | | 1 | Ее тамгасы 54-бет | | |
| | | 1 | Ёё тамгасы55-бет | | |
| | | 1 | Созулма ээ тыбышы 56-бет | | |
| | | 1 | Созулма үү тыбышы 57-бет | | |
| | | 1 | Вв тыбышы 58-бет | | |
| | | 1 | Яя тамгасы59-бет | | |
| | | 1 | Яя тамгасы 60-бет | | |
| | | 1 | Юю тамгасы61-бет | | |
| | | 1 | Юю тамгасы62-бет | | |
| | | 1 | Ф фтыбышы, 63-бет | | |
| | | 1 | Фф тыбышы 64-бет | | |
| | | 1 | В-ф тыбыштары65-бет | | |
| | | 1 | Щщ тыбышы 66-бет | | |
| | | 1 | Цц тыбышы67-бет | | |
| 3саат | Белгилер | 1 | Ь ичкертүү белгиси68-бет | | |
| | | 1 | Ь ичкертүү белгиси 69-бет | | |
| | | 1 | Ъ ажыратуу белгиси 70-бет | | |
| 7саат | Көркөм окуу | 1 | Кыргыздын Ала-Тоосу 71бет | | |
| | | 1 | Ырыс алды –ынтымак 72-бет Суроо –жооп табышмак73-бет | | |
| | | 1 | Төрт мезгил73-74-бет | | |
| | | 1 | Акылдуу кыз Табышмак74-75-бет | | |
| | | 1 | Болуп калды жазгы убак 76бет | | |
| | | 1 | Байчечекей Чыйырчык дос77-бет | | |
| | | 1 | Айбанаттардын талашы 78-79-бет | | |
| | | | | | |

## Алиппе сабагына түзүлгөн календардык-тематикалык планы 4-чейрек (28 саат)

| Бөлүнгөн сааттар | Сабактын мазмуну | Сабактын саны | Сабактын темасы | Өтүү убагы | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | мөөнөтү | эскертүү |
| 23саат<br>2саат | **Көркөм окуу окуу техникасы** | 1 | Китепти сүй | | |
| | | 1 | Түлку менен коён79-80-бет | | |
| | | 1 | Сөздүн көрку макалда80-81-бет | | |
| | | 1 | Карышкыр менен эчки 81-бет | | |
| | | 1 | Төө жумушка келатса 82-бет | | |
| | | 1 | Каркыра менен түлкү.82-83-бет | | |
| | | 1 | Сак күчүк.83-84-бет | | |
| | | 1 | Көк жалбырактар84-86-бет | | |
| | | 1 | Окуу техникасы | | |
| | | 1 | Жаңылмачтар86-87-бет | | |
| | | 1 | Гүлдөрдү ким жакшы көрөт?87-бет | | |
| | | 1 | Балдарга насыят88-бет | | |
| | | 1 | Манас 1-бөлүк 89-бет | | |
| | | 1 | Манас 2-бөлүк 90-бет | | |
| | | 1 | Манас 3-4-бөлүктөрү91-92-бет | | |
| | | 1 | Үлгү ырлары92-бет | | |
| | | 1 | Кожомкул балбан.93-бет | | |
| | | 1 | Ат сыйлаган жөө баспайт.94-бет | | |
| | | 1 | Коён менен кирпи. 95-бет | | |
| | | 1 | Лифт. Интернет.96-бет | | |
| | | 1 | Буудайдан нан жасалат. 97-бет | | |
| | | 1 | Арстан менен коён98-99-бет | | |
| | | 1 | Электрдин кубаты 100-бет | | |
| | | 1 | Абышка менен дөө101-бет | | |
| | | 1 | Окуунун ылдамдыгын текшерүү | | |
| 3саат | **Кайталоо** | 1 | Өтүлгөндөрдү кайталоо | | |
| | | 1 | Чейректик кайталоо | | |
| | | 1 | Жыл ичинде өтүлгөндөрдү кайталоо | | |